УДК 93
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-4-11

**КАРАТАЕВ О.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**КАРАТАЕВ О.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**KARATAEV O.**
KNU named after J. Balasagun

# ТООЛУУ КЫРГЫЗ ОБЛУСУН ТҮЗҮҮ АРАКЕТТЕРИ. САЯСИЙ КУРЧ КҮРӨШТҮН ЖҮРҮШҮ (1917-1922 жж.)

# БОРЬБА ЗА СОЗДАНИЕ ГОРНОЙ РЕСПУБЛИКИ. ПОЛИТИЧЕСКАЯ БОРЬБА (1917- 1922 гг.)

# THE STRUGGLE FOR THE CREATION OF A MOUNTAIN REPUBLIC. POLITICAL STRUGGLE (1917-1922)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада 1917-жылдагы төңкөрүштөн кийинки Кыргызстандагы социалдык жана коомдук-саясий кырдаал талданат. Улуттук-аймактык бөлүнүүчүлүк үчүн күрөштүн таңында кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн көз карандысыз республиканы, башкача айтканда тоолуу республиканы түзүү үчүн ымаласыз күрөшү изилденет. Андан ары большевиктердин катарындагы партия ичиндеги күрөш иликтенет.
**Аннотация:** В статье анализируется социальная и общественно-политическая ситуация в Кыргызстане после переворота 1917 года. На заре борьбы за национально- территориальное размежевание изучается бескомпромиссная борьба представителей кыргызской интеллигенции за создание независимой республики, то есть Горной Республики. Далее исследуется внутрипартийная борьба в рядах большевиков.
**Abstract:** The article analyzes the social and socio-political situation in Kyrgyzstan after the 1917 coup. At the dawn of the struggle for national-territorial demarcation, the uncompromising struggle of representatives of the Kyrgyz intelligentsia for the creation of an independent republic,
i.e. a Mountainous Republic, is being studied. Next, the internal party struggle in the ranks of the Bolsheviks is investigated.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз мамлекети; Тоолуу область; саясат; декларация; большевиктер; оңчулдар; солчулдар.
**Ключевые слова:** Кыргызское государство; Горная область; политика; декларация; большевики; правые; левые.
**Keywords:** Kyrgyz state; Mountainous region; politics; declaration; Bolshevik ter; right;
left.

XX к. 20-жылдары Кыргызстандын саясий турмушунда кескин бурулуш доор болду. Россия империясындагы революциянын жаңырыгы чет-жакаларга жетти. Эски падышалык колониялдык бийлик кулатылып, анын ордуна жаңы мамлекеттик бийлик түзүлдү. Калктын жашоосунда, коомдук-саясий турмушта түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр болуп өттү. Арийне, ар бир тарыхый кубулуш көп кырдуу болорун белгилей кетүү абзел. Демек, алардын тигил же бул тарыхый процесске, тигил же бул аймактын, элдин коомдук-саясий турмушуна тийгизген таасирин талдоодо аларда ар түрдүү позициялардан мамиле кылуу максатка ылайыктуу. Октябрь төңкөрүшү дүйнөлүк масштабдагы ири саясий окуя болду. Дүйнөлүк тарыхый жана саясий процесстердин жүрүшүнө өз таасирин тийгизди, андан кийин өзгөчө кыргыз эли үчүн тагдырлуу, чечүүчү мааниге ээ болгону жашыруун эмес. Октябрь төңкөрүшү кыргыздардын улуттук мамлекеттүүлүгүн кайра жаратуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүк түзүп берген эле.

Түркстан крайында Совет бийлигинин орношу (ноябрь, 1917-ж.) менен бирге, улуттук чек аралардны аныктоо маселеси келип чыккан. Бүткүл Союздук БАКтын 1920-ж. 27-августта «Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө» кабыл алган токтомунун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган атайын жыйыны (январь, 1924-ж.) өткөн. РСФСРдин чыгыштагы жана түштүк багытындагы чет- жакаларында большевиктердин жүргүзгөн улут саясаты бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Советтердин өкмөтү улут маселеси боюнча лениндик программаны турмушка ашырууга киришти. Советтердин Бүткүл Россиялык II съездинин «Жумушчуларга, солдаттарга жана дыйкандарга!» аттуу Кайрылуусунда бүткүл бийлик Советтердин колуна өткөнүн жарыялаган, Совет өкмөтү Россия империясында жашаган бардык улуттардын тең укуктуу экендигин, алар өз тагдырларын өздөрү чече тургандарын жарыялашты (караңыз: Сб. документов,1957:5-16).

Советтердин «Тынчтык жөнүндөгү» Декрети да мурдагы Россия империясынын аймактарында жашап жаткан улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укуктарын тааныган. Бул Жоболор 1917-ж. 3-ноябрында жарыяланган «Россия элдеринин укуктарынын Декларациясында» андан ары өнүктүрүлгөн болучу. Анда улуттук маселе боюнча мамлекеттик программа жарыяланган, калкка чыныгы эркиндикти жана теңдикти камсыз кыла алган. Декларацияда мурдагы падышалык өкмөт жүргүзгөн улуттук саясатка кайтып келүү жок деп жарыяланган. Бул документте улуттук маселе боюнча Совет өкмөтүнүн практикалык ишинин негиздери чагылдырылганы белгилүү (Советский Киргизстан в документах (1917-1967). – Фрунзе, 1983:21-23).

Бул декларациянын негизинде Совет өкмөтү кийинчерээк өлкөнүн мусулман калкына тиешелүү болгон бир катар документтерди кабыл алган. Россиянын чыгыш аймактарындагы большевиктер жүргүзгөн улуттук саясатын эки баскычтан турган. Аны ишке ашыруунун алгачкы этабында Советтик жетекчилик ар кыл популисттик ыкмалар менен мусулман калкын өз тарабына тартууга аракеттенгени чындык эле.

Совет өкмөтү «Россиянын жана Чыгыштын бардык эмгекчи мусулмандарына» аттуу атайын кайрылуу кабыл алган, анда орус пролетариатынын (жумушчу табынын) эзилген негизги калктын азаттыкка жетишүүсүнө жардам берүү каалоосу айтылган; дин, маданият, үрп-адат, тил, укуктардын эркиндиктери жарыяланган (ошол эле жерде, 34-26 беттер). Бул актылар тийиштүү уюштуруучулук жана пропагандалык чаралар менен колдоого алынган. Петрограддын мусулмандарына халиф Осмондун тушунда жазылган “Куран-и Керим» тартууланган.

1918-ж. баш чендеринде калыптана баштаган советтик бул саясаттын экинчи этабы ушул коогалаңдуу мезгилде пайда болгон «буржуазиялык-улутчул өкмөттөр» деп аталгандарга каршы күрөшкө Совет бийлигинин активдүү кийлигишүүсү менен байланышкан. Империянын чет жакаларында жашаган калктарга улуттук өз тагдырын өзү аныктоо жөнүндөгү большевиктердин ураандары жакты. Ириде, ал калыптана баштаган советтик системанын коркунучтары төмөнкүлөр болгон: жеке менчикти жок кылуудан, пролетариат диктатурасын орнотуу, таптык күрөштүн курчушу ж.б. мамлекетти жана аны башкаруудан баш тартуудан чочулашкан. Бирок, чет жакадагы жашаган калктар баарынан да мурдагы жүргүзүлүп келинген колонизаторлук саясаттан чочулап турушкан, «Орус бийлиги» каалаган эркиндикти алып келбейт деп чочулашкан. Ал эми бул кооптонууларга Кокон автономиясынын таркатылышы жана Зеки-Вэли Валидов жетектеген башкыр өкмөтүнүн тагдыры ж.б.мисал боло алган (Жуманалиев, 2002:107).

Большевиктердин улуттук саясатынын бул этабы мусулман динине, анын каада- салттарына жана үрп-адаттарына каршы жасалган чечкиндүү чабуулу менен коштолгон, анткени ал идеологиялык максаттардан тышкары, көбүнчө «буржуазиялык-улутчул өкмөттөрдүн» жана басмачы атын алган мусулман куралдуу оппозициясына каршы айоосуз күрөшүү болгон эле.

Түркстан элдери үчүн 1918-1919-жж. негизинен Совет бийлигине каршылык көрсөтүү белгиси астында өттү. Бул оппозиция атуулдук согуштун фронтторундагы кырдаалга жана большевиктердин ислам динине болгон мамилесине жараша күчөгөн. Бул мезгилде большевиктер Түркстан калктарынын арасында ислам дининин ролун эске алышкан эмес. Ошондуктан, 1919-ж. бул кырдаал большевиктерди Түркстан калктарына карата улуттук саясатын түзөтүп оңдоого мажбурлады.

1920-ж. В.И.Лениндин түздөн-түз катышуусу менен большевиктердин аймактардагы жүргүзгөн улуттук саясаты турукташа баштаган эле. Бул саясат «жалпы түрк» же «жалпы мусулман» биримдигин кескин түрдө четке каккан большевиктердин платформасына шайкеш келтирилген. Аталган стратегиялык багыт большевиктердин Түркстандагы көп жылдар бою жүргүзгөн саясатын аныктап турган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында бүткүл өлкө боюнча жана анын чыгыш чет-жакаларында абал ушундайча калыптана баштаган эле.

Советтик автономиянын мазмуну 1921-ж. мартта РКП(б)нын X съезди тарабынан кабыл алынган «Улуттук маселе боюнча кечиктирилгис милдеттери жөнүндө» резолюциясында ачылып берилген. Съезд мындай деп чечим кабыл алган: «Партиянын негизги милдети — жумушчуларга жардам берүү. Чет жакадагы жашаган калктар социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү жагынан Борбордук Россияны кууп жетүүсү тууралу кечиктирилгис иш-чараларды уюштуруу күн тартибине коюлган эле. Алар төмөнкүлөр болучу:

а) аз сандуу ж.б. элдердин улуттук турмуш шарттарына ылайык келген формаларда советтик мамлекеттүүлүктү өнүктүрүү жана чыңдоо;

б) жергиликтүү калктардын улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн жакшы билген, тажрыйбасы бар жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнөн түзүлгөн, өз эне тилинде иштеген башкаруу жана бийлик органдарын өнүктүрүү жана чыңдоо;

в) жергиликтүү тилдердеги басма сөз кызматтарын, мектептерди, театрларды, клубдарды, билим берүү жана агартуу мекемелеринин иштерин чыңдоо, өнүктүрүү;
г) эне тилинде (биринчи кезекте кыргыздар, башкырлар, түркмөндөр, өзбектер, тажиктер, татарлар, дагестандыктар, азербайжандар үчүн) жалпы билим берүүчү жана кесиптик мүнөздөгү курстардын жана мектептердин кеңири тармагын түзүү жана өнүктүрүү. башкаруунун бардык участокторунда, баарыдан мурда агартуу тармагында ата мекендик квалификациялуу кадрларды жана советтик-партиялык кызматкерлерди даярдоону тездетүү (Советский Киргизстан в документах (1917-1967). – Фрунзе, 1983:92-94)

Арийне, социалдык-экономикалык, саясий жана башка тармактардагы себептер Октябрь төңкөрүшүнөн кийин дароо эле Түркстан аймагында жашаган элдеринин улуттук- мамлекеттик чек арасын аныктоого мүмкүндүк берген жок.

Аталган доордогу Совет өкмөтүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири болуп, аймактын элдеринин саясий, экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсү, алардын улуттук консолидациясы үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү болгон. Түркстандын советтик жана партиялык уюмдарына практикалык жардам көрсөтүү максатында Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин жана РСФСР Эл Комиссарлар Советинин декретименен 1919-ж. 8-октябрында атайын комиссия (Түрккомиссия) түзүлгөн; Комиссиянын курамына мамлекеттик жана партиялык органдын полномочиелерине ээ болушкан М. Фрунзе, В. Куйбышев, Я. Рудзутак жана башкалар киришкен эле.Түрккомиссия өлкөнүн көп улуттуу чет-жакаларында улуттук саясатты ишке ашырууга салым кошууга тийиш эле. Анын ишмердүүлүгү улуттук саясатты ишке ашырууда жана албетте, Түркстанда Совет бийлигин чыңдоодо чоң роль ойногон болучу (ошол эле жерди караңыз, 45-46 беттер).

Большевиктердин улуттук маселелер боюнча терең ойлонулган программасы чындыгында убадаларга, декларацияларга, акырында жаңы «империялык» эзүүгө айланып кеткендиги тууралу илим чөйрөсүндө талаш-тартыштар жүрүп келет. Муну менен толук макул болуу күмөн жаратары ырас. Канткенде да, советтик система бир катар элдердин маданиятынын, тилинин, экономикасынын, социалдык абалынын кайра жаралуусуна түз таасирин бергенин жашыра албайбыз. Совет бийлиги улуттук республикалардын, автономиялардын түзүлүшүнө, өнүгүүсүнө шарт түзүп берди.

Кыргызстан Октябрь төңкөрүшүн административдик-территориялык жактан бытыранды болгон абалда тосуп алган: азыркы өлкөнүн (Кыргыз Республикасы – О.К.) аймактарынын түндүк бөлүгү Жети-Суу менен Сыр-Дарыя облустарына, түштүк бөлүгү Түркстан Республикасынын Фергана жана Самарканд облустарынын курамына кирген. Бул аймактарда кыргыздар улуттук жактан азчылыкты түзүшкөн, бул кырдаал кыргыздардын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн консолидацияланышына тоскоолдук жараткан (История кыргызов и Кыргызстана,1995:174). Аталган облустарда кыргыздар башка улуттарга караганда азчылыкты түзүп, көпчүлүк убакта алардын кызыкчылыктары этибарга алынбай калган. Кыргыздардын ассимиляцияга кириптер болуу коркунучу келип чыккан эле.

Совет бийлигинин Советтеринин II съездинде түзүлгөн курамда – СНК (Эл Комиссарлар Совети) башка комиссариаттар менен бирге Улуттар иштери боюнча комитет (Наркомнац) түзүлүп, ага азыркы Кыргызстандын аймагындагы улуттук саясатты практикалык түрдө ишке ашырууну башкаруу тапшырылган. РСФСРдин курамындагы бир катар калктар Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикалар (АССР) же Автономиялуу областтар (АО) формасында укук алышкан. Эң алгачкы автономиялык түзүлүш 1918-ж. 30-апрелинде Түркстан крайынын Советтеринин V съездинде жарыяланган Түркстан Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасы (ТАССР) болгон. Түркстан Автономиялык Республикасынын курамына бүгүнкү Кыргызстандын бүткүл аймагы кирген. Ошентип, ТАССРдын түзүлүшү Орто Азиянын калктары үчүн советтик мамлекеттик курулуштун биринчи этабы болуп калды. (караңыз: Из положения о Туркестанской Советской федеративной республики от 30/IV. 1918 г. // Советский Киргизстан в документах (1917-1967). – Фрунзе, 1983:39-40).

Граждандык согуштун аягына карата өлкөдөгү жалпы саясий кырдаал бир топ турукташкан шарттарда Совет өкмөтү жана большевиктер партиясы өлкөнүн улуттук райондорунда автономиялуу түзүлүштөр куруу жөнүндөгү маселени койду. Мына ушундай жагымдуу жагдайда Кыргыз Тоолуу облусун түзүү демилгеси көтөрүлгөн эле.

Жусуп Абдрахмановдун белгилөөсүндө, Түркстан АССРинин курамында кыргыздардын өз алдынча административдик областын түзүү маселеси абалкы ирет 1922-ж. эмес, 1921-ж. эле көтөрүлгөн. Ушуга байланыштуу 1921-ж. Алматыда болгон кеңешмеде биринчи жолу Түркстан АССРинин курамында Тоолуу Кыргыз областын түзүү маселеси көтөрүлгөн. Бирок, анда бул маселе чечилбей, түзүлүп жаткан Казак АССРине Жети-Суу жана Сыр-Дарыя областтары берилмек болот. Бул чечим кыргыздардын саясий абалын бир кыйла оордоткон эле. Анткени, кыргыздар мурда бир автономиялуу республиканын курамына кирсе эми эки автономиялуу республиканын курамдарына бөлүнүп калмак. Буга макул болбогон кыргыз интеллигенциясынын алдынкы өкүлдөрү Ж. Абдрахманов, И. Арабаев, А. Сыдыков 1922-ж. мартта кыргыз уездерин бөлүп, өз алдынча Тоолуу Кыргыз областын түзүү сунушун кайрадан көтөрүшкөн. Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Түркстан комиссиясынын жооптуу кызматкерлери менен бирге Түркстандан Сафаров менен Ходжановдор Алма-Атага келишкен (Нурбеков, 1964:86-87).

И.В. Сталиндин 1922-ж. 13-июнундагы белгилүү телеграммасын жөнөтөрдүн алдында Кыргыз Тоолуу областын түзүү идеясын Түркстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы, Түркстандын саясий лидерлеринин бири Төрөкул Жанузаков да колдоп чыккан (караңыз: Как промелькнувший метеор // Слово Кыргызстана. – Бишкек, 2001, 28/I).

1920-ж. жарыяланган Кыргыз (Казак) АССРинин жетекчилеринин өтүнүчү боюнча автономиялуу республиканын курамына Сыр-Дарыя, Жети-Суу областтарын кошуу маселеси каралган. Чындыгында, бул маселе 1922-ж. 4-апрелинде ТАССРдин улуттар Эл комиссариатынын заседаниесинин чечими менен чечилген. Ошентип, жогорудагы аты аталган эки аймакты мекендеген казак калкынын тагдыры чечилип, бирок кыргыз элинин улуттук суверенитетинин маселеси татаалдашып кеткен. Мындай кырдаалда эл, өзгөчө анын билимдүү бөлүгү бул саясий маанилүү процесстерге кайдыгер карай алган жок, натыйжада саясий чөйрөдө Кыргыз Тоолуу облусун түзүү маселеси көтөрүлүп чыкты.

РКП (б)нын Х съездинен туура бир жыл өткөндөн кийин жана 1922-ж. 25-мартында Кыргыз Тоолуу областын түзүү тууралу маселе коюлган, болжол менен тогуз ай өткөндөн кийин Түркстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин секретариаты төмөнкүдөй чечим кабыл алат:

«Угулду: 10. Жети-Суу областын райондоштуруу жөнүндө.t

Чечим кылынды: Тоолуу областты Түркстан Автономиялык Республикасынын курамында уюштуруу жана уезддердин курамынан түзүлгөн Указды жарыялоо Түркстан БАКтын Президиумуна тапшырылсын: 1) Пишпек, 2) Пржевальск, 3) Нарын, 4) Аулие-Ата уездинин Тоолуу аймактары, Ферганандын кара-кыргыздар жашаган тоолуу бөлүгү жөнүндөгү маселе Ферганандын тынчтык абалына өткөнгө чейин ачык калтырылышы керек. Долбоорду Аткаруу бюросунун бекитүүсүнө тапшырылсын (Курманов, 1997:125-126). Борбору Кочкор кыштагында жайгашкан Тоолуу Кыргыз областын түзүү жөнүндө чечим кабыл алынган. Так айтканда, бул областка Кыргызстандын түндүгү гана кирип, Түштүк Кыргызстандагы кыргыздардын тагдыры убактылуу ачык калтырылган. Ошондой болсо дагы кыргыз элинин алдында кыргыздар жашаган аймактын бир бөлүгүндө бирдиктүү, өз алдынча улуттук автономиялуу мамлекеттүүлүгүн түзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөр ачылган. Мындай демилгелери менен көбүнесе европалыктар ээлеп калган Пишпектен обочо болуусуну жана автономиянын борбору кыргыздар жашаган жердин чордонунан орун алыш керек деген ойлорун билдиришкен.

1922-ж. 26-мартындагы ТАССР Борбордук Аткаруу Комитетинин Кичи Президиумунун 1922-жылдын 19-апрелиндеги Токтомун жетекчиликке алып, Жети-Суу областтык партиялык уюму менен областтык аткаруу комитетинин кошмо жыйыны Түркстан «Борбордук Аткаруу комитети Жети-Суу областтык партия комитети менен областтык аткаруу комитетинин кошмо заседаниеси «Борбордук Аткаруу Комитетинин ТүркБАКтын 1922-ж. 26-мартындагы токтомуна ылайык Кыргыз Тоолуу областын түзүүгө багышталган съезди 1922-ж. июнь айынан кеч эмес мезгилинде өткөрүү пландаштырылган. Сьезди чакыруу жана уюштуруу боюнча А. Сыдыков, С. Брюханов жана В. Удалов кирген уюштуруу комиссиясы түзүлгөн.

Бирок, Кыргыз Тоолуу облусун уюштуруу боюнча даярдык иштеринин башталышы менен курч «партиялык», чындыгында уруулук жана топтук күрөш башталып, карама-каршы эки топтун лидерлери – А. Сыдыков менен Р. Кудайкуловдорду колдогон топтордун күрөшү күч алган. Алар бийлик структураларында иштеген жергиликтүү калктын өкүлдөрүнүн арасында өз таасирлерин кеңейтүүгө аракет кылышкан. Ошол эле учурда Р. Кудайкулов жана анын тарапкерлери съездди чакырууга жана Тоолуу облустун түзүлүшүнө кескин түрдө каршы чыгышкан. А. Сыдыков болсо Тоолуу облусту өз алдынча административдик- аймактык бирдик катары түзүүнүн жигердүү демилгечиси болгон. А. Сыдыков ж.б. Тоолуу Кыргыз облусун түзүү, РСФСРдин курамына түз кошулуу демилгелери менен чыгышкан.

Кыргыз коомунун интелигенция чөйрөсүндө күчтөрдү бөлүштүрүүдө тигил же бул саясатчынын социалдык тегине негизги көңүл бурулган. Маселен, белгилүү болгондой А. Сыдыков тектүү үй-бүлөдөн болгон жана бул маселе келип чыккан карама-каршылыкка да негизги шылтоолордун бири болгон. А. Сыдыков партиянын катарынан үч ирет чыгарылып, ТүркБАКтын жетекчилеринин ишенимине кире алган эмес. Р. Кудайкулов болсо теги жагынан кедей-кембагалдардан үй-бүлөсүнөн чыккан (Политическая история Кыргызстана, 2001: 168). Арийне, айрым маалыматтар Рахманкул Кудайкулов сабаттуу молдонун үй бүлөсүндө туулуп-өскөндүгүн баяндашат. Кыргыз Тоолуу облусун түзүүнү ошол кездеги башка жетекчилер Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков, И. Арабаев жана башкалар да кызуу колдошкон эле.

Тоолуу облусту түзүү маселеси оң жагына чечилгенден кийин, кыргыздардын кайсыл республикага – РСФСРге же жаңы түзүлүп жаткан Казак АССРинин курамына кириши керек деген талаш-тартыш улам күчөй баштаган. Бирок, Ж. Абдрахманов жазгандай, Тоолуу облусу түзүү маселеси Р. Кудайкулов баш болгон кыргыз жетекчилеринин белгилүү тобунун каршылыгын пайда кылган.
Р. Кудайкулов Ташкенттеги, Алма-Атадагы казак жетекчилигинин бир бөлүгү тарабынан колдоого алынып турган, алар кыргыз калкын казактардын этностук бир бөлүгү катары эсептешкен. Кыргыздарды алашордочулар катары эсептешип: «биздин жалпы атабыз Алаш, ошондуктан кыргыз менен казактын ортосунда эч кандай этникалык жана маданий айырмачылыктар жок” - деген пикирлерди таратышкан.
Келечекте бул маселе боюнча Түркстан Компартиясынын Жети-Суу обкомунун Аткаруу бюросу жана Областтык Аткаруу комитетинин Президиуму 1922-ж. 22-майында Р. Кудайкуловдун позициясына таянуу менен өздөрү тарабынан атайын даярдалган документ- протоколго мындайча билдирүү жазышкан: «Жети-Суу облусунун экономикалык жана саясий абалына байланыштуу Тоолуу облустун бөлүнүп чыгышы, албетте, учурдун талабына жооп бербейт. Облустун бөлүнүп чыгышы Жети-Суу аймагынын жалпы саясий- экономикалык, маданий абалына терс таасирин тийгизбей койбойт деген билдирүүнү айтып чыгышкан. Ошентип, Тоолуу областты түзүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан туура эки ай өткенден кийин Түркстандын партиялык жетекчилиги жана областтык аткаруу комитеттин мүчөлөрү өздөрүнүн көз караштарын, пикирлерин кескин өзгөртүп чыгышкан. Мындай чечим, Ж. Абдрахмановдун билдирүүсүндө: «Жети-Суу облусунун жетекчилери кыргыз эмгекчилеринин арасындагы топтук күрөштү расмийлештирип, мыйзамдаштырышкан» (Курманов, 1997: 130-133).
1922-ж. 4-июнда Пишпекте Уюштуруу съездин чакырылып, ага 425 делегат катышкан. Бирок съезд өз ишин баштай электе эле Түркстандык жана Жети-Суулук бийликтердин макулдугу, И. Сталиндин түздөн-түз көрсөтмөсү менен таркатылган эле. И.Сталин бул съездин делегаттарынын социалдык жана таптык курамынан буржуазиялык- улутчул формациянын тобунун пайда болуу коркунучун көргөн экен. Мында уруулук- кландык принциптер боюнча бөлүнгөн делегаттардын топтук ич-ара күрөшү да чечүүчү роль ойногон эле. 1922-ж. декабрда РКП(б) Борбордук Комитети Тоолуу Кыргыз областын түзүү боюнча мурда кабыл алынган бардык документтерди мыйзамсыз деп жарыялап, съездди чакыруунун демилгечилерин буржуазиялык улутчулдар, контрреволюционерлер деп күнөөлөгөн. Ошентип, кыргыз элинин чектелген улуттук мамлекеттик бирикме түзүү жөнүндөгү алгачкы аракети ишке ашпай калган.
Р. Кудайкулов ж. б. тарапкерлери И. Сталинге атайын кат жазышып, анда Тоолуу Кыргыз облусу буржуазиячыл-улутчул түзүлүш катары көрсөтүлгөн. Жети-Суу облусу боюнча большевиктик өкүл Забировдун 1922-ж. 1-июнда Борборго (Москвага, Петроградка) жиберген кабарында: «Экономикалык жаңы саясаттын шарттарында манаптын уулу болгон жана падышанын маалында алтын погон тагынып жүргөн Абдыкерим Сыдыков деген неме Ташкенден өзү түзүп алган кара кыргыздардын өзүнчө Тоолуу облусу дегендин долбоорун алып келди. Бул долбоордун айынан калайыктын ышкысы кайнап, бейкут турмушу бузулду…»-деген айгак билдирүүнү жиберген. Оппозициячыл тараптын саясий каралоолорунун негизинде расмий Москва чукул чараларды көрүүгө ашыккан. Натыйжада өз алдынчалыгы автономиялык деңгээлде калыбына келтирилген алгачкы кыргыз Совет мамлекеттүүлүгү – Тоолуу Кыргыз облусу И. Сталиндин жиберген шашылыш телеграммасынын негизинде кайра жоюлган эле.

Съездеги түзүлгөн кырдаа чегине жетип, делегаттар бирин-бири ачык эле каралоого өтүшкөн. Көбүнчө бири экинчисин жектеп кемсинтүүгө, жада калса кол көтөргөнгө чейин барышкан экен. Негизги докладды даярдаган А. Сыдыков төртүнчү күнү гана трибунага жетип сүйлөй алды. Ырасында, дебатта чыгып сүйлөгөндөр автономиялуу облусту, ал тургай Кара-Кыргыз Автономиялуу республикасын түзүү идеясын жактап чыгышты. Съезд 13 пункттан турган резолюция кабыл алган, анда жалпысынан делегаттардын жана алардын шайлоочуларынын маанайы чагылдырылган эле. Съездин катышуучулары Тоолуу областты уюштурууну чечкиндүү түрдө колдошкон. Ал эми ошол кезде айрым жетекчилердин көз карашы башкача болчу. Ж. Абдрахманов Тоолуу аймакты түзүүнүн айланасындагы кырдаалды талдап, анын түзүлүшү советтик негизде ишке ашарын, анткени жетектөөчү жана багыт берүүчү роль большевиктер партиясынын колунда болорун белгилеген.

Тоолуу аймакты түзүү аракети кыргыз элинин, анын ичинде биринчи кезекте элдин турмуштук таламдарына толук жооп берген. 1924-ж. Кара-кыргыз Автономиялуу областтын түзүлүшү элдин консолидацияланышына жол ачты, кечиктирилгис жана перспективалуу социалдык-экономикалык проблемаларды чечүүдө маанилүү өбөлгө түздү. Ошону менен бирге, партиянын улут саясатынын негизги принцибине – 1917-ж. октябрында Советтердин Бүткүлроссиялык II съезди тарабынан мыйзамдуу түрдө бекитилген улуттардын өз тагдырын өзү чечүүгө укугу менен толук дал келет (Жунушалиев, 2003:28-29).

Ириде, И. Сталинге өз позициясын иш жүзүндө көрсөтүүгө шылтоо болгон топтук ич-ара күрөштөн улам кыргыз элинин автономиялуу мамлекет түзүү тилегинин ишке ашуусу белгисиз мөөнөткө кийинкиге калтырылган. Ошентип, улуттук маселенин негизги жоболорун реалдуу чечүүдө Совет бийлигинин алгачкы жылдарында большевиктердин ийгиликтери да, кемчиликтери да болгон. Ал эми Кыргыз Тоолуу облусун түзүү аракеттери кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүн кайра жаратуудагы маанилүү этап болуп калды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Второй Всероссийский съезд Советов рабочих солдатских депутатов: Сб. документов. – Москва, 1957.
2. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. – Бишкек, 2002.
3. Джунушалиев Дж. Время созидания и трагедий. 20-30-е годы XX веке. – Бишкек,

2003.

4. Советский Киргизстан в документах (1917-1967). – Фрунзе, 1983.
5. Из положения о Туркестанской Советской федеративной республики от 30/IV – 1918 г. // Советский Киргизстан в документах (1917-1967). – Фрунзе, 1983, с.39-40.
6. История кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1995, с.174.
7. Как промелькнувший метеор // Слово Кыргызстана. – Бишкек, 28/I, 2001.
8. Курманов З. Политическая борьба в Кыргызстане в 20-е годы. – Бишкек, 1997, с..125-126.
9. НурбековК. Возникновение Киргизской Советской Национальной Государственности. – Фрунзе, 1964.
10. Политическая история Кыргызстана. – Бишкек, 2001.
11. Цзиньчэн Чжоу. Историческое мышление: коннотации,

характеристики и ценностный подтекст // Вестник КНУ, 2023, № 1(113), с. 128-134.